КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ОРТО-КАЙЫҢДЫ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРТО- КАЙЫНДЫ

**XII- сессия** **I – чакырылыш**

# ТОКТОМ

2026 – жылдын 29-июну № 57 Вознесеновка а.

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин үрөнчүлүк, асыл-тукум чарбаларына , айыл чарба кооперативтерине ижарага берүүгө старттык бааларынын өлчөмүн бекитүү**

Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн " Айыл аймагында жайгашкан мамлекеттик фондтун айыл чарба жерлерин үрөнчүлүк, асыл-тукум, айыл чарба кооперативтерине ижарага берүүгө старттык бааларынын өлчөмүн бекитүү жөнүндөгү" сунушун угуп , талкуулап чыгып " Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү Жобонун негизинде , Кыргыз Республикасынын " Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 36,39 беренелерине ылайык Орто-Кайыңды айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.**Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн мамлекеттик фондко караштуу айыл чарба жерлерин үрөнчүлүк, асыл-тукум, айыл чарба кооперативдерине ижарага берүү боюнча старттык баалары төмөнкү формула боюнча эсептөө бекитилсин:

Ижара акысы ( ИА) = К
ИА-1 гектар жер аянтын колдонуу үчүн чыккан ижара төлөмү.
ЖН –жер налогтун өлчөмү.
К – коэффициент барабар .
30 чындыгында сугарылган жер.
20 жерди сугаруу кыйын.
10 сугаруунун жоктугу.
Ижара берүүдө старттык баалар :
Ижара акысы 1 гектар сугат жерге
362х30 =10860,0 сом
-362х20 =7240,0 сом
-362 х10 =3620 сом
Жер налогу жана Соцфонд төлөмдөрү өзүнчө төлөнөт.
Ижара акысы 1 гектар кайрак жерге 67,2х 30 = 2016 сом.
Жер налогу жана Соц.фонд төлөмдөрү өзүнчө төлөнөт.

2.Ушул токтом каттого алынсын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министирлигине жөнөтүлсүн.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э. Баязовага жана айылдык кеңештин жер, жайыт , архитектура, курулуш, экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага К.М.Мырзагелдиев